УДК 657

А.Фахреттин, А.Осмоналиева – преп.ОшМУ
A. Fahrettin, A. Osmonalieva – teacher OshSU

КЫРГЫЗ-ТҮРК МАМИЛЕЛЕРИНИН АЗЫРКЫ ЭТАПТАГЫ ӨНҮГҮҮ ДИНАМИКАСЫ

Бул макалада Кыргыз Республикасы менен Түркия Республикасынын 20 жылдык мезгил ичиндеги (1991-2014) саясий, экономикалык жана маданий мамилелеринин калып алышынын татаал процесси каралат, анткени эгемендикти алгандан тартып Кыргызстан эл аралык аренада кызматташтыктын жаңы стратегиясын өнүктүрө баштаганы тарыхый чындык.

Негизги сөздөр:кыргыз- түрк мамилелери, кызматташтык, расмий визиттер, элчилер, саясий ишмерлер.

THE DYNAMICS OF DEVELOPMENT OF KYRGYZ-TURKISH RELATIONSHIP IN MODERN STATION

This article deals with difficult process of construction of political, economical and cultural relationship between Kyrgyz and Turkish Republics. During the two decades (1991-2014), that after accepting sovereignty of Kyrgyzstan could develop new strategies in the partnership in the international stages.

Key words: the Kyrgyz-Turkish relations and cooperation, as official visits, diplomats and political figures.

Аталган макалага сүйлөшүүлөрдүн материалдары менен документтери, эки өлкөнүн президенттеринин расмий визиттери, элчилердин, саясий ишмерлердин сүйлөгөн сөздөрү жана интервьюлары булак катары кызмат кылды. Ушул контексттен алганда дипломатиялык мамилелерди түзүү процесси үчүн жана Кыргызстан менен Түркиянын экономикалык, саясий жана маданий тармактагы динамикалуу өнүгүүсү үчүн Кыргыз Республикасынын президенти А.Атамбаевдин жана Түркия президенттери Тургут Озалдын (1989-1993), Сулейман Демирелдин (1993-2000), Абдулла Гүлдүн (28-август 2007) эмгектериөзгөчө маниге ээ болду.

Интеграциялык процесстерди жана Түркия менен Кыргызстандын социалдык-экономикалык өнүгүү маселелерин иликтөөдө белгилүү түрколог окумуштуулар жана саясат таануучуларС.В.Гегамяндын, А.А.Исаевдин, Г.И.Мамедовдун, А.Х.Керимовдун, М.Чиналиевдин эмгектериненалынган материалдар пайдаланылды.

Макалада түрк доору, саясий жана рухий биримдиктеги түрк аймагы, бүгүнкү күндө эки өлкө үчүн кызматташтыкты андан ары өнүктүрүүгө ориентир болуп жаткан «евразиячылдык» идеясы аркылуу Кыргызстан менен Түркиянын өз аракеттеринин тарыхый негизин ачып берүү аракети жасалат.Ошондой эле Кыргызстан менен Түркия Республикасынын дүйнөлүк уюмдагы тышкы саясатынын негизги багыттары, өлкөлөрдүн өз ара аракеттеринин деңгээли жана динамикасы, дипломатиялык жолугушуулардын, сүйлөшүүлөрдүн хронологиясы жана алардын эл аралык аренада ишке ашырылышы ачып берилет.

Эки мамлекеттин ортосундагы дипломатиялык мамилелер 1992-жылы 29-январда түзүлгөн, ал белгилүү окуядан кийин ишке ашкан.1991-жылы 18-декабрда Түркия бардык мамлекеттердин ичинен биринчилерден болуп Кыргызстандын көз карандысыздыгын тааныган.

1992-жылдын апрелиндеБишкектеТүркиянынэлчилигиачылды. Ал эми 1992-жылдын

октябрындаАнкарадаКыргызстандынэлчилигиачылды, булбиздинмамлекеттин чет өлкөдөгүбиринчидипломатиялыкөкүлчүлүгүболупкалды. 1994-жылдын апрелиндеСтамбулдаКыргызРеспубликасынынГенералдыкконсулдугутүзүлдү.

Кыргызстан менен Түркиянын өз ара мамилелери эки элдин тарыхый, маданий, тилдик жана диний жалпылыгына негизделет.

Биздин өз ара мамилелерибиздин түптөлүшүнө негиз түзгөн документтер – 1997-жылдын 24-октябрындагы «КР менен ТРдын ортосундагы түбөлүк достук жана кызматташтык жөнүндөгү келишим», 1999-жылдын 1-июлундагы эки мамлекет башчыларынын «Кыргызстан жана Түркия: XXI кылымды карай бирге» деген биргелешкен билдирүүсү жана 2012-жылдын 12-январындагы Кыргыз Республикасы менен Түркиянын ортосундагымамилелердин тарыхый жаңы этабы жөнүндөгү биргелешкен юбилейлик декларациясы.

Кыргыз-түрк мамилелеринин кеңири келишимдик-укуктук базасы бар, ал ар кандай чөйрөлөрдөгү, ошолор менен бирге саясий, соодалык-экономикалык, маданий-гуманитардык, илимий-билим берүүчүлүк, аскердик-техникалык ж.б. күндөлүк жана келечектүү кызматташтык маселелерин жөнгө салуучу 100дөн ашык макулдашуулардан, келишимдерден жана протоколдордон турат.

2011-жылы 26-апрелде Кыргызстан менен Түркиянын ортосунда стратегиялык кызматташтыктын Жогорку кеңеши түзүлүп, анын биринчи отуруму болду. Эң жогорку деңгээлдеги кызматташтыктын сунуш кылынган формасы эки өлкөнүн ортосундагы өз ара мамилелердин өзгөчө статусу жөнүндө айтып турат.

Негизинен биздин өлкөлөрдүн ортосундагы экономикалык кызматташтык илгерилеме мүнөзгө эгедер жана өткөн мезгилде кол коюлган 50гө жакын макулдашуулардын, келишимдердин негизги жоболрунун алкагында өнүгүп жатат. Кыргызстандын экономикасына салынган чет өлкөлүк инвестициялардын көлөмү боюнча Түркия экинчи орунда турат.

Соода-сатык мамилелериндеги жалпы тенденцияанчалык деле көп өзгөрүүлөргө дуушар болгон жок жана өз ара соодада мурдагыдай эле түрк товарлары басымдуулук кылат. Кыргызстандын кичи жана орто ишкерчилигин өнүктүрүү жагынан көмөк көрсөтүүдө Түркия көрүнүктүү орундардын бирин ээлейт, өзгөчө ТИКА каналдары боюнча. Ошонун координациясынын натыйжасында кыргыз экономикасынын рыноктук инфраструктурасын өнүктүрүүнүн ар түрдүү маселелеринеарналган 324 иш чара жана 30дан ашык долбоор ишке ашырылды. Кыргызстан ТИКА менен биргеликте ишке ашырган долбоорлодунсаны боюнчажалпы евразиялык мейкиндикте экинчи орунду ээлейт. 1992-жылдан 2012-жылды кошуп эсептегенде ТИКАнын Кыргызстанга бөлгөн акчалай ресурстарынын жалпы суммасы 40миң АКШ долларынанашып түшөт.

Эки өлкө тең «Түштүк-Чыгыш Азия-Кытай-БорбордукАзия-Түркия-Европа» маршруту боюнча транзиттик артерияны түзүүгө багытталган эл аралык «ТРАСЕКА» транспорттук долбоорун ишке ашыруугаактивдүү катышып жатышат. Ал Азиядан Европага чейинки байыркы каттап жүргөн соода жолун кайра калыбына келтирүүгөмүмкүнчүлүк берет. Эгерде жогорудагы долбоордогу трасса Улуу Жибек жолунун изи менен өтөрүн эске алсак, анын ишке ашырылышы ошол жолдун негизги тилкесине жайгашкан бардык өлкөлөр үчүн айтып бүткүс маниге ээ болот. Анан калса ошол өлкөлөрдүн көбүнүн Кыргызстан жана Түркия менен эки тараптуу келишимдери бар жана БУУ, ОБСЕ, ОИС, ЭКО, Түрк кеңеши сыяктуу эл аралык жана регионалдык уюмдардын мүчөлөрүнөн болуп эсептелишет.

Өкмөттөр аралык комиссиянын соодалык-экономикалык кызматташтык боюнча өткөрүлгөн отурумдары ушул тармактагы максаттарды жана милдеттерди ишке ашыруу боюнча практикалык кадамдарды кабыл алууга багытталган.

Эки мамлекеттин жана өкмөттүн башчыларынын алмак-салмак жасаган визиттери өз ара сооданы интенсивдештирүү, анын көлөмүн көбөйтүү жана Кыргыз республикасынын экономикасына түрк инвестицияларын тартуу боюнча конкреттүү сунуштарга жагымдуу импульс берип, позитивдүү башталмаларды бекемдеди.

Түркиянын 2011-жылы 20 миң АКШ доллары көлөмүндө (феврал – 10 млн. АКШ доллары, декабрь 10 млн. АКШ доллары)гранттык жардам бергенин жана ошондой эле КРдын түштүгүндөгү кайра калыбына келтирүү үчүн 11 млн. АКШ долларын бөлгөнүн өзгөчө белгилөө керек. Ал эми 2011-жылы 1-декабрда Бишкекте Кыргыз Республикасынын өкмөтү менен Түркия республикасынын өкмөтүнүн ортосунда 51 млн. АКШ доллары көлөмүндөгү карызды кечүү жөнүндөгү Макулдашууга кол коюлган учур эстен кеткис окуя болду.

Кыргыз-түрк кызматташтыгынын өзгөчө эффективдүү чөйрөсүнөмаданий-гуманитардык жана илимий-билим берүүчүлүкбагытындагы байланыштар кирет.

Дипломатиялык мамилелердин биринчи он жылдыгында Түркия менен түрк дүйнөсүндөгү жаңы көз карандысыз мамлекеттердин, ошонун ичинде Кыргызстандын ортосунда маданий-гуманитардык жана илимийбилим берүүчүлүк кызматташтыктын өтө таасирдүү механизмдери иштелип чыкты. Ошолордун катарына жыл сайын өткөрүлүүчү түрк тилдүү мамлекеттердин жана коомчулуктардын курултайларын, жергиликтүүөзүн өзү башкаруу органдарынын конгрессин, диний кызматтагылардын конгрессин, Евразия өлкөлөрүнүн экономикалык форумдарын, пландык негизде жана макулдашылган тематика боюнчаар түрдүү иш чараларды өткөргөн эл аралык «ТҮРКСОЙ» уюмунун ишкердиги кошсо болот.

Агартуу жана билим берүүтармагындагы эки тарапка тең пайдалуу иш катары кыргыз-түрк«Манас» университети, «Ата-Түрк –Ала-Тоо» менчик университети жана ошондой эле ушул жылдары Кыргызстандын ири шаарларында ачылган ондон ашык түрк лицейлери кызмат кылат. Кызматташуу жылдарында студенттерди жана адистерди алмашуу боюнча өкмөттөр аралык макулдашуунун алкагында түрк тарап кыргыз жарандарынын Түркиянын алдыңкы университеттеринен билим алышы үчүн 3622орун бөлдү.Ушул квоталык орундун 2,5 миңге жакыны гана пайдаланылды. Бүгүнкү күндө Түркиянын окуу жайларында Кыргызстандан барган 1700 студент билим алып жатат, алардын 750дөн ашыгы мамлекеттик квота боюнча кирген, калгандары жалпы негизде өз каражаттарына окушат.

Эки өлкөнүн ири университеттеринин ортосунда бир топ эффективдүүгоризонталдык байланыштар түзүлдү жана жогорку квалификациядагы адистерди даярдоодо натыйжалуу кызматташтык өнүгүп жатат жана ошондой эле илимий изилдөө тармагында кеңири планда тажрыйба жана маалыматтарды алмашуу жүрүүдө.

Өткөн жылы Кыргыз Республикасы менен Түркиянын тышкы соодасынын көлөмү 33,3 пайызга өстү. Бул, анализге караганда,эки мамлекеттин ортосундагы эл аралык экономикалык кызматташтыктын келечеги жакшы экендиги жөнүндө айтып турат.

Эгерде абсолюттук маанисин келтире турган болсок, анда Түркия менен Кыргызстандын 2012-жылдагы тышкы соодасы 228,7 миллион долларды түздү. Ушул суммадан кыргыздардын экспортунун үлүшүнө тийгени 50,2 миллион доллар, бул мындан бир жыл мурдагы көрсөткүчкө караганда 7,9 пайызга аз. Түрк товарларынын Кыргызстанга импорттолушу 178,5 миллион долларды түзгөн, бул 2011-жылдагыга караганда 52,4 пайызга көп. Жалпылай келгенде соода балансынын сальдосу 128,3 миллион доллар көлөмүндө Түркиянын пайдасына тийешелүү болду.

Мындан тышкары Түркия республикасынын экономикасын инвестициялоого да катышат. Ал 2012-жылы 20 миллион 232 миң долларды түздөн түз инвестициялады. Салыштырып айтсак, көрсөткүч 2011-жылы бир топ төмөн эле- болгону 5 миллион 308 миң доллар болчу. Бул салынган каражаттардын структурасына келсек, алардын 59 пайызы кыймылсыз мүлктүн бардык түрүнө байланышкан операцияларга, 25 пайызы –кайра иштетүүчү өнөр жайга, 9 пайызы –соодага, 6 пайызы – финансы секторуна, жана 1 пайызы – курулушка жумшалды.

Түркияга жөнөтүлгөн кыргыз товарларынын эң эле көп үлүшү айыл чарба продукциясынын фасоль сыяктуу түрүнө тийешелүү. Ал Кыргызстандын бардык экспортунун жарымын түзөт. 25 пайыздан бир аз көбүрөөгү авиация керосинине,үчүнчүорун,болжол менен 10 пайызы, пахта буласына тийешелүү.

Түркия импортунун ичинен, биринчи кезекте, текстиль кийим-тайымдарын бөлүпкөрсөтсө болот. Алар келип түшкөн бардык көлөмдүн 16,7 пайызын түзөт. Түркиядан ошондой эле механикалык жабдуулар (12 пайыз), электр жабдуулары жана машиналар (10 пайыз), пластмассалар жана андан жасалган буюмдар (10 пайыз) жана ошондой эле килемдер, төшөмө буюмдар (4,7 пайыз) импорттолот.

Жакында Кыргыз Республикасынын премьер-министри Жоомарт Оторбаев ушул жылдын 16-майында башталган Түркиядагы жумушчу визитинин алкагында өзүнүн түрк коллегасы РеджепТайипЭрдоган менен жолукту. Тараптар кыргыз-түрк мамилелеринин бүгүнкү күндөгү абалын, аларды андан ары өнүктүрүүнүн келечегин, ошону менен бирге маданий-гуманитардык, социалдык-экономикалык жана аскердик-техникалык чөйрөдөгү абалды талкуулашты.

Андан тышкары Кыргыз Республикасынын укук коргоо системасын коргоо, Түркиянын престиждүү делген ЖОЖдоруна кыргыз студенттери үчүн квоталарды көбөйтүү, ошондой эле өлкөгө инвестицияларды тартуу үчүн бизнес делегацияларды алмашуу долбоорлору тыкыр талкууланды.

Эки тараптуу мамилелерди өнүктүрүүдө эки мамлекеттин жетекчилеринин ортосундагы тыгыз байланыш жана ишенимге негизделген өз ара мамиле маанилүү роль ойноорун тараптар баса белгилешти. Эки өлкөнүн жетекчилеринин ортосундагы жогорку деңгээлдеги туруктуу диалогду колдоо маселесине Кыргызстан чоң маани берери айтылды.

Тараптар саясий диалогдун эң жогорку деңгээлге жеткендигин белгилепөтүштү. 2011-жылы 26-апрелде Кыргыз Республикасы менен Түркия Республикасынын ортосунда түзүлгөн стратегиялык кызматташтыктын Жогорку кеңешиөлкөлөр ортосундагы стратегиялык мүнөздөгүөнөктөштүктүн логикалык натыйжасы болуп калды.

Тараптар тармактык ведомстволор аралык интенсивдүү кызматташтык, ошондой эле министрлердин деңгээлиндеги өз ара визиттердин санын көбөйтүү жөнүндө макулдашышты.

Ушуга байланыштуу Ж.Оторбаев 2014-жылы 3-июнда өтө турган стратегиялык кызматташтыктын Жогорку кенешинин үчүнчү отуруму Кыргыз Республикасында эки тараптуу стратегиялык өнөктөштүктү бекемдөө жолундагы дагы бир маанилүү кадам катары бааланарын баса белгиледи.. Азыркы учурда тараптар иш чаранын биргелешкен күн тартибин иштеп чыгуу менен алектенишүүдө.

Мындан тышкары соодалык-экономикалык байланыштарды интенсивдештирүү жана кенейтүү боюнча мындан ары өз ара жана биргелешипконкреттүү чараларды көрүү, товар айлантуунун көлөмүн көбөйтүү, инвестициялык өз ара аракетти күчөтүү, эки өлкө үчүн кызыгууну туудурган долбоорлорду ишке ашыруу зарылчылыгы жөнүндөгү паикирлер иштелип чыкты. Атап айтканда, гидроэнергетика, транспорт жана коммуникация, туризм сыяктуу тармактарда биргелешкен ири долбоорлорду иштеп чыгуу жана ишке ашыруу боюнча аракеттерди активдештирүү сунушталды. Ушуга байланыштуу Туркия Республикасынын премьер министри Кыргыз Республикасынын түрк кредитин ийгиликтүү өздөштүрүп жатканын белгиледи.

Ошондой эле Кыргызстандын Бажы биримдигине кируу алкагындагы экономикалык кызматташтык маселерине, анын ичинде олкодоондурулгонпродукцтияны сатуу рыногун кенейтүүгө көңүл бурулду. Түрк бизмендеринин Кыргыз Республикасын инвестициялоого карата кызыкчылыгы күндөн кунго өсүп баратканы белгиленди.

Туркиянын премьер-министри РеджепТайипЭрдоган 26-апрелде Анкарадаоткон кыргыз делегациясы менен сүйлөшүүлөрдүн биринчи күнүнүн жыйынтыгы боюнча сүйлөгөн сөзүндө мындай деп жарыя айтты: “Биздин милдет-жакынкы 5 жылдын ичинде Кыргызстан мененТовар айлантуунун көлөмүн 1 миллиард долларга көбөйтүү”.

Азыркы мезгилде Кыргызстан менен Турукиянын ортосундагы тышкы соода оборту159млн.долларды тузду. “Муну болтурбай кое тургандай бир дагы себеп жок. Эгерде тараптар тиешелүү иштерди жүргүзүшсө, анда мындай максатка, мамилелерди жаны денгээлге көтөрүү үчүн аракет жасалса жетүүгө болот”.

Түркия менен Кыргызстан бул татаал мезгилди ийгиликтүү женип өтөт. “Биздин тарыхый жалпылыкка негизделген эки тараптуу мамилебиз, аларды андан ары онуктуро турган чечкиндүүлүгүбүз бар. Ушул учурдан пайдаланып, түрк эли кыргыз эли менен мурдагыдай эле жакшылыкта да, жамандыкта да жанында болорун белгилкеп кетким келет. Биздин пикирибиз коп маселелер боюнча дал келет” – деди түрк окмотунун башчысы. Ал өзүнүн андан аркы сөзүндө өткөн жылдын апрелинен баштап Кыргызстанда орун алган процесстерге жон эле байкоочу катары кароо мүмкүн эмес экендигин белгиледи. Биз кыргыз элинин жалгыз эмес, биз дайым аны менен экенибизге чон маани беребиз. Жетишилген келишимдер боюнча аракет кылуу планы кабыл алынган, Туркия аны коптогон багыттар, ошонун ичинде аскелрдик, маданий багыттар боюнча да ишке ашыруу ниетин коздойт. Кыргыз тарап коопсуздук чөйрөсүнө тийешелүү да билим ала алат.

Кыргызстандын парламенттик башкаруу системасына өтүшү маанилүү кадам болуп эсептелет.Азыр Кыргызстанда 120 депутаттан турган парламент бар. Үч партиянын коалициясынан башталган процесс уланып жатат, ушул коалиция биримдикти сактоосу зарыл. Ошондуктан түрк тилдүү өлкөлөр Шенген визасынын күчү бар Европанын жолун жолдоп, визасыз зонаны курганга негиз бар экенин түрк премьер-министри баса белгиледи.

Кыргыз-турк мамилелеринин келечеги дүйнөдөгүбардык державалардын ортосундагы мамилелердин келечегиндей көптөгөн маселелерди, пикир келишпөөчүлүктөрдү жана карама-каршылыктарды тынчтык жолу менен сүйлөшүүлөрдү жүргүзүп,башка өлкөлөргө зыян келтиргенден оолак болуп чечкенге умтулганыбызга байланыштуу болот.

Ошентип, эки мамлекеттин өз ара мамилелеринин стабилдүү мүнөзү эки тараптуу кызматташтыктын ийгиликтүү мисалы катары кызмат кылат, мында бири-бирине пайдалуу байланышуу маселелерине өзгөчө көңүл бөлүнөт. Кыргызстан менен Түркия мындан ары да эл аралык жана регионалдык уюмдардын, ошондой эле дүйнөлүк коомчулуктун чегинде кызматташтыкты жана стратегиялык өнөктөштүктү улантууга ниеттенет.

Адабияттар:

1. **Вахитова, Г. А.**ВзаимодействиестранЦентральнойАзиисТурецкойРеспубликой (начало1990-х – 2009 гг.) [Текст] / Г.А.Вахитова // Автореф.дис.канд.полит.наук.Бишкек- 2011.-21с.
2. **Чыналиева, М.**Становлениеиразвитиекыргызско-турецкихотношений[Текст] / Чыналиева М.// URL –М.- 2002.-179с.